**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БИШКЕК ШААРЫНЫН**
**МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК**

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

_________________№_________________

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Бишкек шаарынын аймагында жер участокторун максаттуу багыты боюнча пайдаланууну камсыздоо чаралары жөнүндө

Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын талаптарынын сакталышын камсыздоо, жерлерди максаттуу пайдалануу принциптерин ишке ашыруу, жер участокторун максатсыз багыты боюнча пайдалануу фактыларына бөгөт коюу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 3 жана 51-беренелерине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесине, «Борбордун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык токтом кылам:

1. Төмөнкүлөр белгилenсин:
– Бишкек шаарынын аймагындагы жер участоктору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген максаттуу багытына жана уруксат берилген пайдалануу түрүнө ылайык гана пайдаланылууга тийиш экендиги;
– жеке турак жай курулуш жана турак жай куруу жерлерине тиешелүү жер участокторуна автотранспорт каражаттарын сатуу боюнча түйүндөрдү, аларды сатуу үчүн көргөзмө аянтчаларын жайгаштырууга, ошондой эле жер участокторун алардын максаттуу багытына жана уруксат берилген пайдалануунун түрүнө ылайык келбеген түрдө башкача пайдаланууга жол берилбей тургандыгы.

2. Жер участокторунун менчик ээлерине, жер пайдалануучуларга, ижарачыларга жана Бишкек шаарынын аймагында жер участокторуна укукка ээ болгон башка адамдарга төмөнкүлөр сунушталсын:
– жер участокторун алардын максаттуу багытына жана Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын талатарына ылайык пайдалануу;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

009319

№ 145, 08.06.2026

Кол койгон: Иманалиев К.Б.

– максаттуу багытына ылайык пайдаланылып жаткан жер участокторунда коммерциялык иш-аракетти жүзөгө ашырууда объекттерди жана ага жанаша жайгашкан аймактарды талаптагыдай күтүүнү, ошондой эле Бишкек шаарынын архитектуралык жана эстетикалык көрүнүшүнө карата талаптарды сактоону камсыздоо.

3. Административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары Бишкек шаарынын мэриясынын тиешелүү ведомстволук бөлүмдөрү менен бирдикте:

– Бишкек шаарынын тиешелүү административдик райондорунда жайгашкан автомобилдерди сатуу боюнча бардык түйүндөрдү жеке турак жай курулушу жана турак жай куруу үчүн берилген жер участокторун максатсыз пайдалануу фактылары боюнча инвентаризациялоону жүргүзүшсүн;

– инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча материалдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чараларды көрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттикке, ошондой эле Бишкек шаарынын мэриясынын тиешелүү ведомстволук бөлүмдөрүнө жөнөтүшсүн;

– бузуулар аныкталган учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоюу боюнча тиешелүү чараларды көрүшсүн.

4. Жер участокторун алардын максаттуу багытын жана уруксат берилген пайдалануу түрүн бузуу менен пайдаланууга жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

5. Бишкек шаарынын административдик райондорунун башчылары өткөрүлүүчү иш-чараларды координациялоо үчүн жеке жоопкерчилик тарта тургандыгы белгиленсин.

6. Бишкек шаары боюнча мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Бишкек филиалына ушул токтомду ишке ашырууда Бишкек шаарынын мэриясына көмөк көрсөтүү сунушталсын.

7. Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын маалыматтык камсыздоо бөлүмү ушул токтомду Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтына жарыяласын.

8. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын контролдоо жана уюштуруу иштери башкармалыгына жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Дж. Джунушалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА. МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК
ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

________________№________________

Бишкек ш.
г. Бишкек

## О мерах обеспечения использования земельных участков по целевому назначению на территории города Бишкек

В целях обеспечения соблюдения требований земельного законодательства Кыргызской Республики, реализации принципа целевого использования земель, предупреждения и пресечения фактов использования земельных участков не по целевому назначению, в соответствии со статьями 3 и 51 Земельного кодекса Кыргызской Республики, статьей 44 Закона Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», статьей 20 Закона Кыргызской Республики «О статусе столицы» постановляю:

1. Установить, что:

– земельные участки на территории города Бишкек подлежат использованию исключительно в соответствии с их целевым назначением и видом разрешенного использования, установленными законодательством Кыргызской Республики;

– на земельных участках, относящихся к землям индивидуального жилищного строительства и жилой застройки, не допускается размещение точек по продаже автотранспортных средств, выставочных площадок для их реализации, а также иное использование земельных участков, не соответствующее их целевому назначению и виду разрешенного использования.

2. Рекомендовать собственникам земельных участков, землепользователям, арендаторам и иным лицам, обладающим правами на земельные участки на территории города Бишкек:

– использовать земельные участки в соответствии с их целевым назначением и требованиями земельного законодательства Кыргызской Республики;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– при осуществлении коммерческой деятельности на земельных участках, используемых в соответствии с их целевым назначением, обеспечивать надлежащее содержание объектов и прилегающей территории, а также соблюдение требований к архитектурному и эстетическому облику города Бишкек.

3. Муниципальным администрациям мэрии города Бишкек по административным районам совместно с соответствующими подведомственными подразделениями мэрии города Бишкек:

– провести инвентаризацию всех точек по продаже автомобилей в соответствующих административных районах города Бишкек по фактам нецелевого использования земельных участков, предоставленных для индивидуального жилищного строительства и жилой застройки;

– по результатам инвентаризации направлять материалы в Государственную налоговую службу при Кабинете Министров Кыргызской Республики, Государственное агентство по земельным ресурсам, кадастру, геодезии и картографии при Кабинете Министров Кыргызской Республики, а также в соответствующие подведомственные подразделения мэрии города Бишкек для принятия мер в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– при выявлении нарушений принимать соответствующие меры по их устранению в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

4. Лица, допустившие использование земельных участков с нарушением их целевого назначения и вида разрешенного использования, несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

5. Установить, что главы административных районов города Бишкек несут персональную ответственность за координацию проводимых мероприятий.

6. Рекомендовать Департаменту государственного архитектурно-строительного контроля по городу Бишкек, Бишкекскому филиалу Государственного агентства по земельным ресурсам, кадастру, геодезии и картографии при Кабинете Министров Кыргызской Республики оказывать содействие мэрии города Бишкек в реализации настоящего постановления.

7. Отделу информационного обеспечения центрального аппарата мэрии города Бишкек опубликовать настоящее постановление на официальном сайте мэрии города Бишкек.

8. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля и организационной работы центрального аппарата мэрии города Бишкек.

**Мэр города Бишкек** **А.Дж.Джунушалиев**

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН